# ДИАЛОГДУН КОММУНИКАТИВДИК-СЕМАНТИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**ТОКТОСУНОВА АЙДЫҢ**
*ОГПИ, окутуучу.*

Диалог – эки адамдын ортосундагы пикир алышуу же маалымат алмашуу. Аталган термин грек тилинен алынган. «Диалог (от греческого dialog –беседа, разговор двоих) – разновидность (тип) речи, при которой происходит обмен взаимообусловленными высказываниями – репликами (при зрительном и слуховом восприятии собеседника)» (17). Демек, диалогдун алгачкы мааниси – «сүйлөшүү, аңгемелешүү» дегенди туюндурат. Диалог адабий көркөм чыгармаларда көпчүлүк учурда жазуу түрүндө, ал эми диалог оозеки түрдө бири-бири менен ар кандай мааниде пикир алмашуусу. Диалог – адам баласынын тарыхында байыркы мезгилден бери калыптанып, өнүгүп келе жаткан көрүнүш. Маселен, Орто - Азия жана Чыгыш өлкөлөрүндө диалог өзүнчө жанр катары шумерлердин диспутунда кездешет. Диалогдун сакталып калган көчүрмөлөрү биздин заманга чейин Ригведада жана Махабхаратада «диалог гимни» деп аталып келген. Байыркы философтор өзүлөрүнүн философиялык көз караштарын диалог түрүндөгү трактаттарында чагылдырган. Диалог аркылуу көз караштардын кагылышы, материянын ар түрдүү сапаттары боюнча аргументтер жана контраргументтер туюндурулган. Маселен, байыркы Грециянын улуу философу Платон диалогду системалуу түрдө пайдаланган. Ал диалог жанрынын «чебери» деп эсептелген.

Ал эми байыркы Грециянын дагы бир мыкты философ-окумуштуусу Аристотель бир нече философиялык эмгектерин диалог түрүндө Платондун стилинде жазган. Тилекке каршы, экөөнүн тең жазган эмгектери сакталып калган эмес.

Биздин заманга чейинки 2-кылымда Лукион аттуу адам өзүнүн кудай жөнүндө, өлүм жөнүндө, сүйүү жөнүндө, сойкулар жөнүндө ирониялуу диалог түрүндөгү эмгектеринде чоң ийгиликтерге жетишкен. Демек, диалог биздин заманга чейинки эле кылымдарда эле байыркы философтордун эмгектеринде чагылдырылган. «В «Риторике» Аристотеля диалог-спор интерпретируется в соотвествии с видами речи: судебной, совеүательной, эпидейктической. Судебная и совеүательная речи предусматривают диалога-спора, что же касается эпидейктической речи, то даля нее диалог-спора является этически неуместным». Цицерон и Квинтилиан рассматривают диалог-спора в границах речи судебной (39).

Негизинен, диалог белгилүү бир коммуникативдик максатты ишке ашырат. Бул жагынан караганда, диалог функционалдык стилдердин бардык түрлөрүнө мүнөздүү. Бирок, ар бир функционалдык стилде диалогдун коммуникативдик максаты, аткарган милдети, колдонулуш өзгөчөлүктөрү, логика-прагматикалык табияты ар башкача болот. Бизди кызыктырган маселеге көркөм стилдеги диалогдордун лингвостилистикалык табияты болгондуктан, аталган багытта иликтөөлөрдү жүргүзүү маанилүү деп эсептейбиз. Көркөм текстте каармандардын маалымат алмашуусу диалог аркылуу берилет. Көркөм чыгармада каармандардын пикир алмашуусу тилдик жана тилдик эмес каражаттардын негизинде автордун чеберчилигине жараша диалог түрүндө туюндурулуп, алардын ар кандай көз карашы, мүнөзү ачылып берилет. Каармандардын ортосундагы аңгемелешүү, талаш-тартыш, чатакташуу, араздашуу, маектешүү, азилдешүү ж.б. диалог аркылуу берилип,көркөм текстте баяндалып жаткан окуя андан ары өнүгөт, чиеленет, чечилет. Ошондуктан азыркы көптөгөн лингвистикалык изилдөөлөрдө диалог көркөм тексттин композициялык-сюжеттик структурасынын негизги компоненти жана көркөм коммуникациянын базалык формасы катары ар тараптан иликтенип жатат. «Проблемы диалога и монолога в отечественном советском языкознании, как известно, активно разрабатывались многими выдаюүимися учеными в 20-30-х годах нашего века (Л.В.Щербой, Л.П.Якубинским, Е.Д.Поливановым, В.В.Винаградовым, Л.С. Выготским, М.М.Бахтиным и др). Именно в это время были заложены основы теории диалога как

форма речи, наиболее явно и непосредственно актуализирующей социальную сущность языка, его коммуникативную функцию. В 40-50-х годах вновь пробуждается интерес к диалогу, преимущественно в разговорно-бытовой и художественной (драматургия) сферах общения (Б.А.Ларин, Н.Ю.Шведова, Е.М.Галкина-Федорук, Т.Г.Винокур, Г.А.Золотова, М.Б.Борисова, М.К. Милых и др). Можно сказать, что новый, обостренный интерес к различным проблемам диалога и монолога наблюдается в 70-80-х годах (Н.Д.Арутюнова, А.Р.Балаян, В.Г.Гак, Е.А.Земская, О.А.Лаптева, О.Б.Сиротинина, Р.Р.Гельгардт, В.В.Одинцов, З.В.Валюсинкая и др)» (2,24).

Диалог - көркөм чыгармадагы каармандын сүйлөө этикетин, маданиятын, билимин, билим деңгээлин, аң-сезимин, жүрүш-турушун, дүйнө көз карашын, маалыматтуулугун, ж.б. касиеттерин ачып берүүчү каражат. Ошондуктан диалог көркөм текстте каармандардын образын ар тараптан ачып берүүчү, тактоочу, окуяга аралаштыруучу, окуяны өнүктүрүүчү динамикалуу коммуникативдик кызмат аткарат. Каармандардын ой-пикирлери диалог аркылуу берилүү менен, көркөм текстте каармандардын психологиялык, моралдык, этикалык өзгөчөлүктөрү кыйыр түрдө ачылып берилет. Аталган маселе боюнча профессор С.Өмүралиева «Тексттин семантикасы жана структурасы» деген аталыштагы докторлук диссертациясында мындай дейт: «Диалог окуяны да, ситуацияны да толук чагылдыра албайт. Ал көркөм чыгарманын жалпы жумурулугунда өзгөчө бөлүнүп турган бирдик эмес, ал тексттин жалпы мазмунунда түз сызык түрүндө өнүгүп келе жаткан тынчтыкты окуяга аралаштыруучу оттенок берет. Диалог же репликалуу кеп кейипкерди окуяга аралаштыруучу, образын тактоочу мүнөзгө ээ болот. Ситуацияны түзүү үчүн кызмат аткарат да, ал тексттин жалпы тутумуна автордук-кептик формалар аркылуу сиңирилет. Диалог- накта жашоо-турмушту өзүндөй чагылдыруунун ыкмасы, бирок ошентсе да, окуяны берүүнүн негизги каражаты боло албайт, ал бар болгону турмуштук көрүнүштүн цитациясы болуп эсептелет…. Диалогдун колдонулуу ыкмасы ар кыл, бирде пикир алышуу, бирде кайым айтышуу, бирде кайталоо түрүндө колдонулуп, ар кандай семантикалык оттенокту берет. Диалог эмоционалдуулукту туюндуруу менен чыгарманын тулкусунда өзгөчөлөнгөн кепти түзөт» [Тексттин семантикасы жана структурасы. Б.1999. 15-б] . Мында профессор С.Өмүралиева көркөм тексттеги диалогдун негизги өзгөчөлүктөрүн кылдат ачып түшүндүргөн. Чындыгында эле, диалог көркөм тексттин тулкусунда бөлүнүп калган автономдуу бөлүк эмес. Ал көркөм тексттин тулкусунда органикалуу түрдө катышкан, белгилүү бир коммуникативдик, көркөм-эстетикалык максатты көздөгөн көркөм маалыматты туюндуруунун бир ыкмасы. Диалог көбүнчө турмуштук көрүнүштүн цитациясы, реалдуу картинасы катары автор тарабынан аң-сезимдүү түрдө сунушталган, көркөмдүк максатты көздөгөн көркөм ыкма болуп саналат. Экинчиден, көркөм чыгармада кубануу, кайгыруу, ж.б.у.с. турмуштук көрүнүштөрдү реалдуу чагылдыруу максатында диалогдор атайы колдонулат. Ошондуктан көркөм текстте диалог окуяны андан ары улантуучу ситуациялык каражат гана болбостон, диалог каармандардын жан-дүйнөсүн, образын ар тараптан тактоочу, бышыктоочу сапатка да ээ. Ошондуктан айрым бир диалогду ой жаратуучу, ой тутандыруучу касиет-белгилер да болот. Кайсы бир диалогдор көркөм текстте ой-натыйжа чыгаруучу күчкө да эгедер. Айрым диалогдор каармандарды сүрөттөөдө болобу, же көркөм тексттин сюжеттик-композициялык багытын, өзгөртүп-өнүктүрүүдө болобу, идеялыкаккумуляция болуп бере алат. Кээ бир диалогдор көркөм чыгармада подтекстти туюндурган чечүүчү мааниге ээ болот. Кандай болгон күндө да диалог көркөм тексттин тулкусунда жумуру бүтүндүктү түзүп турат. Бул жагынан караганда, профессор С.Өмүралиеванын ой-пикирине кошулбай коюга болбойт.

Ал эми Б.Ш.Усубалиев өзүнүн докторлук диссертациясында: «Диалогдуулук – көркөм кептин дагы бир бөтөнчөлүгү. Көркөм чыгарма өзгөчө карым-катнаш, өзгөчө диалог экендиги белгилүү, буга байланыштуу андагы диалог да кадыресе диалогдон сырткы түрү боюнча гана эмес, ички маңызы жагынан да айырмаланат. Сүрөткер чыгарманы жаратуу аркылуу дүйнөнү, ушул эле маалда өзүн да ачат, демек бул – суроого

жооп берүү деген сөз. Суроону сүрөткердин өзү коет, бирок ошол эле маалда дал ушул суроо аркылуу жооп берүүгө да тийиш. Ошентип, бүтүндөй бир чыгарма өзгөчө диалогго айланат, анткени ал-суроо жана ошол эле маалда жооп да. Буга байланыштуу жазуучу ар бир сөздү диалог аркылуу, б.а, кимдир бирөө менен талашып-тартышуу аркылуу колдонот, ошондо гана сөздүн жаны ачылат, ал өзүнүн бүткүл төрт дүйнөсүн төгө алат. Мындай талаш-тартыш тилдик бирдиктердин ортосунда да болот: бир сөз чыгармадагы калган сөздөр менен диалогдо болуп, бири экинчисин даярдайт, өз ара нур чачышып, бири-бирин азыктандырат, ушундан улам сөздөр предметтик жана экспрессивдик жаңы кудурет-күчкө ээ болуп чыга келет» -деп көрсөтөт (5). Чындыгында, диалог чыгармада кесинди түрүндө кезигет. Чыгарма баштан аяк диалогдон түзүлбөйт (драмалык чыгармаларды эсепке албаганда), тескерисинче, жалаң гана кургак баяндоодон да турбайт. Автор чыгармасында каармандардын образын ачууда диалог курат, бири-бири менен сүйлөштүрөт, алардын сүйлөшүүсү аркылуу окуя өнүгөт, чиеленет, жыйынтыкталат. Автордун берейин деген оюу каармандардын кеби аркылуу окурманга бериши мүмкүн. Бере турган оюнун тездигин диалог аркылуу берет. Диалогдор таасир этүү динамикасына ээ. Себеби, диалог аркылуу окуялар курчуйт. Каармандардын ортосунда конфликттер, пикир келишпестиктер, атаандашуулар же болбосо, тескерисинче, мамиле түзүү, өнөктөшүү, биригүү ж.б. процесстер болушу күтүлөт. Диалог формасы чакан текст түрүндө болуп, окурмандарды кызыктырат, кээ бир окурмандарыбыз айрым пейзаждык же турмуштук сүрөттөөлөрдү окубастан диалог кууп окугандыгы буга далил боло алат. Ал эми автор диалогду кандай ыкмада берет ал өзүнүн чеберчилигине, талантына, дараметине жараша болот. Ошол чеберчиликке ылайык чыгарма окурман тарабынан бааланат, тилдик өзгөчөлүгү, баалуулугу эсепке алынат.

**Адабияттар:**


1. Исаева Ж.К Диалог в произведениях Ч.Айтматова. Автореф. Астана-2007.
2. Кожина М.Н. Диалогичности письменной научной речи. Автореф. Пермь 1986.
3. Муратова К.В.Семантика диалога-спора. Автореф. М.1991.
4. Өмүралиева С. Тексттин семантикасы жана структурасы. Б.1999.
5. Усубалиев Б.Ш. Көркөм чыгармага лингвостилистикалык илик. Б.1994.